# 2020-2021-окуу жылынын тарбиялык иштер боюнча анализ

1-сентябрь "Билим күнүнө карата 1-класстарга салтанаттуу тизим жана жогорку класстарга онлайн тарбиялык сааттар өтүлдү.

23-сентябрь Мамлекеттик тилдин 31-жылдыгына карата онлайн тарбиялык сааттар өтүлдү.

1-октябрь каарылар жана мугалимдер күнүнө карата "Мугалим мөмөлүү дарак" "Каарысы бардын, ырысы бар" – аттуу онлайн сабактар болуп өттү

1-декабрь бүткүл дүйнөлүк СПИДге каршы күнүнө карата тизим өтүлүп, жогорку класстын окуучуларына тарбиялык сабактар өткөрүлдү

9-декабрь коррупцияга каршы күрөшүү күнүнө карата дубал гезиттери чыгарылып, 11-класстын мугалими Эшенкулова Нуржамал "Коррупцияга жол жок" аттуу тарбиялык сабак өттү

12-декабрь Ч. Айтматовдун туулган күнүнө жана адабият күнүнө карата тарбиялык саттар өткөрүлдү

27-28-декабрь Жаңы-жылдык балаты уюштурулду

15-январдан 15-февралга чейин мамлекеттик буйруктун негизинде “Зордук – зомбулукту болтурбоо” максатында бир айлык иш жүргүзүү жарыяланып, жаш өспүрүмдөр инспектору жогорку класстын окуучулары менен аңгемелешти. Мектептин соц.педогогу Иманов Ж. Жогорку класстын класс жетекчилери жана окуучулары менен “Үй-бүлөлүк зордук-зомбулукка каршыбыз” аттуу темада тегерек стол өттү

21-февраль Эл аралык “Эне тил” майрамына карата салтанаттуу тизим өтүлүп, мектептин тарбия боюнча бөлүм башчысы: Иманов Ж. Дүйнө тилдери жөнүндө доклад окуду. Мектепте 5-11-класс аралагында конкурс өткөрүлдү.

5-март “Ак калпак” жана 8-март “Айымдардын эл аралык майрамына” карата салтанаттуу тизим өткөрүлүп, Мектептин тарбия бөлүм башчысы: Иманов Ж. Доклад окуду. Андан сырткары 9-10-11-класстар арасында майрамдык кече өттү

21-март “Нооруз” майрамына карата 9-10-11-класстар аралыгында “Кыз-жигит сармерден” оюну өткөрүлдү

9-май “Жеңиш” марамына арналган салтанаттуу тизим болду, класс жетекчилер тарбиялык сааттарды өтүштү

24-май күнү “Акыркы коңгуроо” күнүнө салтанаттуу тизим өтүлүп, бүтүрүүчү класстарга майрамдык кече уюштурулду

23-июнь бүтүрүүчү класстардын аттестаттарын тапшыруу аземи өткөрүлдү

Мектептеги көйгөйлөр жөнүндө айта кетсек ,интернеттин начар иштегендигине байланыштуу,ошондой эле ар бир мугалимдин ноутбук,компьютер менен камсыз болуусуна каражаттарынын жетишпестигинен улам заманбап « Электрондук күндөлүк», «Элмектеп» сыяктуу программаларга жамаатыбыз толук кандуу катыша албай келет. Ошондой эле мектепте проектордун жоктугу дагы мугалимдерге заманбап ,интерактивдүү сабактарды өтүүдө кыйынчылыктарды жаратат.